Тиркеме-4

Бекитилди: 26.08.2022

Мектеп директору:/ /Эркимбаева А.

**Мугалимдин функционалдык милдеттери боюнча жобо**

**1.Мугалимдин билимине коюлган жалпы талаптар:**

- КР конструкциясын,Билим тармагындагы закондорун,Өкмөттүн токтомдорун жана башка нормативдик документтерин билүү
- Окуучулардыын жаш өзгөчөлүктөрүн, окуу гигиена талаптарын, педагогика,психология негиздерин билүү
- Сабагынын методикасын,программалык талаптарын,окуу китептеринин түзүлүшүн билүү
- Окуу кабинеттерине жана колдонуучу окуу каражаттарына коюлган талаптарды билүү
- Педагогикалык илимдин жана билим тармагынын өнүгүү багыттарын билүү
- Эмгектин илимий уюштурулуш жолдорун билүү
- Өрт жана техника коопсуздугунун эрежелерин билүү жана сактоо

**2.Милдеттери**

- Мектепте колдонгон окуу программаларынын негизинде түзүлгөн расписаниеге жараша бекитилген класстарда сабактарын өткөрөт жана окуу иштерин уюштурат,документациясын жүргүзөт (календарлык план,саьактын планы)
- Сабагы боюнча мамлекеттик стандартка ылайык сапаттуу билим берүүгө жооптуу
- Сабак учурунда окуучулардын коопсуздугун,мектеп тартибин сакталышын көзөмөлдөйт
- Талапка ылайык тиешелүү документтерди толтуруп жүргүзөт жана өз убагында жетекчиликке отчет тапшырат.
- Жетекчилик буййрутмасына ылайык ишке келбей калган мугалимдердин ордуна сабак өтөт
- Сабагы боюнча окуучуларды олимпиада конкурстарга даярдайт
- Предметтик клуб-кружок иштерин уюштурат,жүргүзөт
- Мектепте жүргүзүлгөн иш чараларга,конференция,семинар жана башка иштерге катышат
- График боюнча мөөнөтүн аткарат

- Талапка ылайык окуучулардын дептерин текшерет,билимдерине жараша баалайт,журнал жана күндөлүккө баасын түшүрөт,электрондук журналды толтурат
- Окуучулардын сабакка катышуусун көзөмөлдөйт өз маалында ата-энелерге кабарлайт
- Окуучулардын укутарын сактайт
- Жүрүш-турушунда этикалык нормаларды сактайт
- Мектептин мүлкүнө аярлуу мамиле кылуу
- Мектептин уставына жана ички эрежелерине баш иет

## 3.Укугу

- Сабак өтүүдө ар кандай методдорду,ыкмаларды колдонууга укуктуу
- Сабактарды керектүү жабдыктар менен камсыздоо боюнча жетекчиликке талаптар менен кайрылууга укуктуу
- Өз билимин өркүндөтө алат
- Медициналык тейлөөдөн өтө алат
- Айлык акыны өз маалында алууга укуктуу
- Кыргыз Республикасынын законлорунун эмгек кодексиндеги каралган укутарга ээ

## 4.Жоопкерчилик

- Кыргыз Республикасынын закондорунун негизинде жоопко тартылат (өз милдеттерин аткарбаганда, окуучулардын укутарын одоно бузганда,мектптин мүлкүнө чоң зыян келтиргенде,мектептин уставын,ички тартибин бузганда).